КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №18 - КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 08-апрель №129 Оргочор айылы

**Бейшен Мамбетовдун ысымын берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябры №67 “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Оргочор айыл өкмөтүнүн орун басары К.Искаковдун билдирүүсү угулуп жана талкууланып, Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кызы-Суу бөлүмүнүн борбордук көчөсү болгон Кызыл-Суу-2 жана Кызыл-Суу-5 көчөлөрүнө Бейшен Мамбетовдун ысымын берүүгө макулдук берилсин.

2. Бейшен Мамбетовдун ысымы ыйгарылган көчөдөгү ар бир үйгө көчөнүн аталышы жана номер тагылган табличкаларды жасатып тагуу, ошондой эле көчөнү көрктөндүрүү, жарыктандыруу, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо иштерин көзөмөлгө алуу жагы балдарына, бир туугандарына, неберелерине тапшырылат.

3. Мурунку Оргочор айылдык кеңешинин “Оргочор айыл аймагына караштуу Кызы-Суу бөлүмүнүн борбордук көчөсүнө Мамбетов Бейшендин ысымын берүү жөнүндөгү” 2023-жылдын 28-декабрындагы №87 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселелер” боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков